DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Мадумарова Э.А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН КЕЛИП ЧЫГУУ СЕБЕПТЕРИ ЖАНА АГА КАРАТА КОЛДОНУЛУУЧУ ЧАРАЛАР

*Мадумарова Э.А.*

# ПРИЧИНЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ НАСИЛИЯ В ОТНОШЕНИИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ И ПРИМЕНЯЕМЫЕ К НИМ МЕРЫ

*E.A. Madumarova*

# CAUSES OF VIOLENCE AGAINST MINORS IN THE KYRGYZ REPUBLIC AND MEASURES APPLIED TO THEM

*УДК: 347.641*

*Макалада Кыргыз Республикасындагы жашы жете элек балдардын укуктук жана психологиялык абалы, алардын ар кандай зомбулукка кабылуусундагы келип чыгуу себептери, жана ага карата мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан жаза чаралардын, укуктук нормалардын ишке ашуусу жөнүндө баа берилет. Макаланын негизги максаты, өлкөдө болуп жаткан жашы жете элек балдарга карата болуп жаткан мыйзамсыз ар кандай аракеттерге каршы күрөш ыкмалары менен катар ал аракеттерди кескин түрдө азайтуу жана аны токтотууга карата жаны сунуштар каралган. Өлкөдө зомбулуктун күчөшү менен анын кийнки жаш муундарга өтүшү менен коркунучтуу. Анткени зомбулукту көрүп чоңойгон өспүрүм бул көрүнүштү кадыресе көрүнүш катары кабыл алуусу ыктымал. Бул маселе өлкөбүздүн ичинде гана эмес эл аралык масштабда чоң глобалдуу көйгөйлөрдүн бири катары көмүскөдө калып келет. Андыктан бул маселени талкууло бүгүнкү күндүн талабы деп ойлойм.*

***Негизги сөздөр:** укук, укуктук мамилелер, мамлекет, мыйзам, зомбулук, психология, эмоция, физиология, сексуалдык зомбулук.*

*В данной статье дается оценка правового и психологического состояния несовершеннолетних в Кыргызской Республике, причины их возникновения при различных появлениях насилия и реализации правовых норм, в отношении которых принимаются государством меры наказания. Основной целью статьи является противостоящие пути к происходящим различным незаконным действиям по отношению несовершеннолетних, в связи с этим рассмотрены новые предложения по сокращению и предотвращению незаконных действий. В связи с ростом преступности предстоит опасность его перехода к молодому поколению. Потому что преступность может создавать иллюзию того, что это нормальное явление. Эта проблема охватывает не только наше государство, но и весь международный масштаб. Думаю обсуждение данной проблемы является необходимостью на сегодняшний день.*

***Ключевые слова:** право, правоотношения, государство, закон, насилие, психология, эмоции, физиология, сексуальное насилие.*

*The article assesses the legal and psychological status of minors in the Kyrgyz Republic, the causes of their exposure to various forms of violence, and the implementation of state sanctions and legal norms. The main purpose of the article is to find new ways to drastically reduce and stop illegal activities against minors in the country, as well as ways to combat them. With the escalation of violence in the country, it is dangerous as it is passed on to the next generation. This is because a teenager who grows up experiencing violence may view it as normal. This issue remains in the shadows as one of the major global problems, not only in our country but also internationally. So I think discussing this issue is a requirement of today.*

***Key words:** law, legal relations, state, law, violence, psychology, emotions, physiology, sexual violence.*

Кыргыз Республикасындагы жашы жете элек балдарга карата зомбулуктун келип чыгуу себептери жана анын натыйжалары. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк алкакта аны менен катар биздин Кыргыз Республикасында глобалдуу маселеге айланып чон бир талкууну жаратып келе жаткан маселе бул балдарга карата көрсөтүлүп жаткан зордук зомбулуктун күч алышы. Бүгүнкү күндө балдарга карата жасалып жаткан бул мамилелер кеңири жайылган көрүнүш катары каралып аны менен катар түздөн-түз балдардын укуктары бузулууда.

Кыргыз Республикасында жашы жете электерге карата кылмыш жаза кодексинин 20-главасында үй-бүлөгө жана жашы жете электерге карата каршы кылмыштарга жаза чаралар каралып кеткен. Алсак 154-берене Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилеге мажбурлоо жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат [1].

Балдарга көрсөтүлүп жаткан бул зомбулуктар алардын тагдырына балта чабуу менен бирге алардын жашоосуна саламаттыгына терс таасирин тийгизип, эмоционалдык абалына психологиялык өсүп жетилүүсүнө чоң залакасын тийгизбей койбойт. Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүү үчүн ала качуу - беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жаза чарасы каралып кеткен. Ал эми 155-беренеде Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мыйзамдарды бузууда үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө [2] эркиндигинен ажыратууга жазаланат. 156-берене. Жашы жетпегенди кылмыш жасоого тартууда үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. Ошол эле жосундар ата-энеси, мугалими, же жашы жетпеген жөнүндө кам көрүү милдети мыйзам тарабынан жүктөлгөн башка адам тарабынан жасалганда, - беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө же болбосо төрт жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

161-берене. Жашы жетпегенди тарбиялоо боюнча милдеттерди аткарбоо жана башка беренелер менен жаза чаралар каралып кеткен. Ата-эне же өздөрүнө жашы жетпегенди тарбиялоо боюнча милдеттер жүктөлгөн башка адам жашы жетпегенди тарбиялоо боюнча милдеттерин, ошого тете жашы жетпегенге көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү болгон билим берүүчү, тарбиялоочу, же башка мекемелердин окутуучусу же башка кызматкери өз милдеттерин аткарбаганда же талапка ылайык аткарбаганда, эгерде бул жосундар жашы жетпегенге ырайымсыз мамиле жасоо менен коштолсо, - эсептик көрсөткүчтүн элүү өлчөмүнөн жүз өлчөмүнө чейин айып салынат же эки жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө, же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен же андай кылбастан эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Балдарга көрсөтүлүп жаткан зордук-зомбулук түрүнө карай бир канча багытка бөлүнөт жана анын келип чыгуу натыйжасы да ар түрдүү факторлор таасири астында болот.

Зомбулук жасалуу ыгына карай 3 багытта каралат.

1. Физикалык зордук-зомбулук.
2. Психологиялык зомбулук.
3. Сексуалдык зомбулук.

1. **Физикалык зомбулук бул** – адамдын дене мүчөсүнө карата терс абалда келтирилген сокку. Балага келтирилген физикалык зомбулук белгилери; Денеде табылган ар кандай тырыктар, дененин катуу кармалган издери, денедеги ар кандай күйүк издери ж.б.у.с. көрүнүштөр.

2. **Психологиялык зомбулук бул –** адамдын аң-сезимине доо кетирүү башкача айтканда басмырлоо, мазактоо, балага карата нормадан ашыкча ар кандай талаптарды жүктөө жана аны талап кылуу, аны менен катар жакындары тарабынан камкордук жетишсиздиги да жаңыданаң аң-сезими калыптанып келе жаткан баланын психологиялык абалына терс таасирин тийгизет [3].

Психологиялык абалда зомбулукка кабылган баланын өзүн алып жүрүүдө бир канча өзгөчөлүктөрдү байкоого болот.

Психологиялык зомбулукка кабылган баланын абалы көп маселеге көңүл кош, агрессивдүү, же өзүн түнт абалда алып жүрөт, физикалык ар кандай кыймылдын мурдагы абалдан жайлашы ж.б.у.с абалдарды байкоого болот.

**Сексуалдык зомбулук бул** – жашы жете элек балдарды өзүнүн жыныстык каалоосун кандыруу максатында күч колдонуу менен жасалган иш аракет. Дүйнө жүзүндөгү коомго белгилүү болгон бул зомбулуктардын арасынан биздин өлкөбүздө эң көп катталганы бул сексуалдык зордук-зомбулук биринчи орунда турат.

Алсак, башкы прокуратуранын Азаттык kg сайтына берген маалыматына таянсак 2019-жылы Кылмыштар менен жоруктардын бирдиктүү реестрине жашы жете элек балдарга каршы жасалган 2462 кылмыш фактысы катталган. Анын ичинен 184 оор, 36сы өзгөчө оор кылмышы катталган. Кылмыштын көпчүлүгү борбор калаабыз Бишкекте. Баш калаада - 1330 жаш балдарга карата зомбулук фактысы катталса, Чүйдө - 382, Ош облусунда - 232, Ош шаарында - 197 учур катталган [4].

Маалыматка ылайык, 2019-жылы 5 бала көрсөтүлгөн зомбулуктан улам көз жумган.

Башкы прокуратуранын Азаттык kg сайтына берген маалыматы боюнча, жашы жете электерге карата жасалган кылмыш иштеринин ичинен жыныстык зомбулук көбөйүп баратканы айтылган. Ага ылайык, былтыр Кыргызстанда 222 бала жыныстык зомбулуктан жабыркаган. Мунун ичинен - 33 учур Бишкекте, 38 - Чүйдө, 27 - Ош шаарында, Ысык-Көлдө областында - 26 учур катталган.

Балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулуктун улам өсүп жаткан саны бул багытта көңүл буруунун талап кылууда. Зордуктоону жаап-жашыруу, сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдарды аныктоо жана коргоо механизмдеринин адекваттуу эместиги, тартип коргоо органдарынын учурунда чара көрбөгөнү жапа чеккен балдар үчүн түз даттануу механизмдердин жоктугу жана аларды коргой албоо, мындай балдарга психологиялык жардамдын жоктугу бүгүнкү күндө балдарды коргоого болгон укугунан ажыратууда.

Өлкөдө зомбулуктун күчөшү менен анын кийинки жаш муундарга өтүшү менен коркунучтуу. Анткени зомбулукту көрүп чоңойгон өспүрүм бул көрүнүштү кадыресе көрүнүш катары кабыл алуусу ыктымал.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Өтө көп балдардын басымдуу бөлүгү үйдө, альтернативалык мекемелерде, орто мектептерде жана атайын абактарда зомбулуктун түрдүү формаларынын курмандыгы же күбөсү болуп калууда. Өлкөдө балдардые эң бир психологиялык абалына терс таасирин тийгизип жаткан абал бул үй-бүлөдө сабоо көрүнүшүнө тыюу салынбай жаткандыгында, башкача айтканда атайын реалдуу чаралар көрүлбөй жаткандыгы. Бул да болсо өлкөдө болуп жаткан жашы жете элек балдарга карата көрсөтүлүп жаткан зомбулуктун көбөйүүсүнө түрткү берет. Мугалимдер жана курдаштары тарабынан опузалоо Кыргызстандагы балдардын мектепке барбай коюусунун негизги себеби болуп саналат. Мектептеги зомбулук жана рэкетчилик өлкөдөгү жаштар арасында зомбулуктун санынын өсүшүнүн бирден бир себеби, Анын натыйжасында окуучулар арасында өз өмүр кыйган учурлар катталууда.

Коомдогу зордук-зомбулуктун көбөйүп жатышын мыйзамсыздык – зордук-зомбулуктардын жайылышынын экинчи себеби. Анткени, кылмыш кылып жаткан адам ал үчүн оор жаза алаарын сезбейт [4].

Кыргыз Республикасында, жаш балдарды зордуктоо фактыларынын айрымдары гана коомчулукка ачыкталат. Көп фактылар жабык бойдон калып,анын натыйжасында мындай балдардан кайра психикасы бузулган инсандар өсүп чыгышы мүмкүн. Жабыр тартуучулардын мындай позициясынан улам, кылмышкер тиешелүү жазасын албай жүрөт.

Батыш окмуштуулардын айтымында бала чагында зомбулукка кабылган адамдын ДНКсында өзгөрүү болушу ыктымалдыгын айтып чыгышты.

Ал арада Канададагы Ванкувер университетинин Эли Патерман аттуу окумуштуусу башында турган илимий топ бала кезинде зомбулукка учурап же психологиялык жаракат алган адамдардын ДНКсында өзгөрүү болуп, ар кандай ооруларга чалдыгарын аныкташты. Ошондой эле канадалык окумуштуулар зомбулук курмандыгы болгон наристелердин генетикасы башкаларга салыштырмалуу тез картаярын аныкташты [5]

Канададан тышкары АКШда да 4598 кишинин катышуусу менен бул жаатта атайын илимий тажрыйба болгон. АКШнын Федералдык саламаттыкты сактоо борбору узак мөөнөттүү атайын программа менен зомбулукка учураган кишилердин шилекейинен ДНК анализ алышып, алар чалдыккан ооруларды иликтеген. Бала кезде зомбулукка учурагандар көбүнчө жүрөк, өпкө, диабет жана Альцгеймер же карыганда акылдан адашууга чалдыгары аныкталган.

Жалпысынан алып караганда балдарга көрсөтүлүп жаткан зордук-зомбулуктун келип чыгуу себептерине аркандай факторлор себеп болот.

1. Ар кандай технологиянын өнүгүшү менен психологияга терс таасир этүүчү программа жана тасмалар. (интернет оюндары, соц тармактагы ар кандай психологияга терс таасир этүүчү мыкаачылык маанайдагы тасма жана видеолор) Азыркы учурда интернет клубдардагы ар кандай маанайдагы мыкаачылык маанайдагы оюндар жаңыдан өсүп келе жаткан балдарга терс таасирин тийгизет. Атайын байкоо максатында жеке бир канча интернет клубдардга байкоо жүргүзгөнүмдө ал жерде кардарлардын басымдуу бөлүгү өспүрүм балдар экенин жана андагы интернет оюндары согуштук, зомбулук маанайдагы оюндар экенин байкоого болот, жана мындай негатив мүнөздөгү оюндар жаңыдан калптанып келе жаткан баланын психологиясына оор залака алып келет. Өспүрүм бала оюндагы мыкаачы каармандын ордуна өзүн коюп ушундай өзгөчө образга кирип ойнойт, жана ал оюнду ойногон баланын кулк мүнөзүндө жеке жашоосунда бул сыяктуу оюндагы виртуалдык окуяларды реалдуу жашоодо ишке ашыргысы келээри белгилүү. Бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасында интернет колдонуу тармагында атайын норма, укуктук жактан чаралар каралбай келет. Албетте бул мамлекеттин маселеге кайдыгер кароосу деп билем. Бүгүнкү күндө интернет клубдарга толук аракетке жөндөмдүү, 18 жашка толгон физикалык жактарга гана уруксат берилүүсү шарт. Интернет клубдарды тыкыр көзөмөлгө алуу менен бирге атайын бузуулар кодексине нормаларды кабыл алуу шарт. Аны менен катар атайын телеберүүлөрдөгү согуштук маанайдагы тасмаларга тыю салуу керек. Телеберүүдөгү тасмаларды коомчулукка жарыялоодо телеканал тарабынан түзүлгөн атайын комиссия толугу менен текшерип алардын психологиялык таасирин карап чыгуусу зарыл.

2. Зомбулуктун келип чыгуусунун дагы бир себеби бул үй-бүлөөдөгү психологиялык жана физикалык зомбулуктар. Зомбулукту күнүмдүк жашоосунда көрүп чоңойгон бала бул көрүнүштү демейдеги көрүнүш катары кабыл алып, бул аракеттерди кайталоосу толук мүмкүн.

3. Өлкөдө жашы жете элек өспүрүмдөрдү коргоо максатында катаал жаза чаралардын жоктугунда зомбулуктун мамлекетте көбөйүүсүнө себепчи боло алат. Анткени өлкөдө кайсыл бир укуктук баш аламан аракетке катуу жаза чара колдонулбаганы ошол аракеттин көбөйүүсүнө түрткү болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Республикабызда балдардын укугун коргоо, алардын кээ бир аракеттерине тыю салуу менен биз бул көрүнүштөн арыла алабыз.

Кыргызстандын жаркын келечеги жаш өсүп келе жаткан жеткинчектердин колунда. Андыктан алардын бүгүнкү күндө зомбулуксуз, эркин жыргал жашоосун камсыздоо менен бирге биз мамлекеттин келечегин камсыздаган болобуз.

**Адабияттар:**

1. Токторов Э.С., Жолдошев Т.Т. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексине түшүндүрмө. - Б., 2015, 226 - 227-бб.
2. Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодекси 1997-жылдын 1-октябры №68 (Акыркы өзгөртүү 2019-жыл 1-январь) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/568.
3. [Электрондук ресурстар], http://detskiy-dom.grodno.by.
4. Курманов К.Ш. Уголовное право Кыргызской Республики. - Бишкек, 2001, 99-б.
5. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky5.https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/06/140627_kyrgyz_children_human_rights
6. Абдымомунова Б.А. Беспризорность как следствие насилия над детьми в современном Кыргызстане. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2011. №.2. - С. 310-313.
7. Нуркулова Н.М., Айдаркулова З.А. Проблемы насилия по отношению к усыновленным детям. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 10. С.5-7.